# Бир тууган

**Жыгылсан жөлөк болот,**

**Оорусаң көмөк болот,**

**Жалгызда өнөк болот,**

**Бир тууган керек болот.**

**Душманга сатып кетпейт,**

**Кыйналсан качып кетпейт,**

**Оорусан басып кетпейт,**

**Жолуңду казып кетпейт.**

**Кайырма:**

**Бир тууганым, айланайын, берекем,**

**Арка бол деп төрөп берген Энекем,**

**Жакшы-жаман оор жүгүмдү бөлүшүп,**

**Тууган эми бүт ааламга тең экен.**

**Бир тууган жакшы болот,**

**Төрүндө сыйлуу конок,**

**Оргуңө бакыт толот,**

**Багыңа булбул конот.**

**Жараткан берген белек,**

**Жөлөнсөң чынар терек,**

**Тууганга тууган керек,**

**Жашоонун көркүн берет.**

**Кайырма:**

**Бир тууганым, айланайын, берекем,**

**Арка бол деп төрөп берген Энекем,**

**Жакшы-жаман оор жүгүмдү бөлүшүп,**

**Тууган эми бүт ааламга тең экен.**

**Бир тууганым, айланайын, берекем,**

**Арка бол деп төрөп берген Энекем,**

**Жакшы-жаман оор жүгүмдү бөлүшүп,**

**Тууган эми бүт ааламга тең экен.**

**Эх бир-тууган аска-зоого тен экен!**